**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИК**

**ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ПО ДЕЛАМ ГОСУДАРСТВЕННОЙ СЛУЖБЫ И МЕСТНОГО САМОУПРАВЛЕНИЯ ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

______________________№____________ Бишкек ш.

**Мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын кадрлар резервине киргизүү үчүн компьютердик тестирлөө жүргүзүү маселелери жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын кадрлар резервине киргизүү үчүн талапкерлерди компьютердик тестирлөөдөн өткөрүүнүн эрежелерин жана жол-жоболорун сактоо максатында “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Президентинин “Мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын административдик кызмат орундарына кадрлар резервин түзүү жана анын иштөөсү жөнүндө” 2026-жылдын 13-февралындагы № 43 Жарлыгына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 258 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик (мындан ары - Агенттик) жөнүндө жобого ылайык, буйрук кыламын:

1. Бекитилсин:

- Мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын башкы административдик кызмат орундарына талапкерлер үчүн тесттик тапшырмаларды (жалпы мыйзамдарды билүүгө) түзүүдө колдонулуучу ченемдик укуктук актылардын тизмеси 1-тиркемеге ылайык;
- Мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын улук административдик кызмат орундарына талапкерлер үчүн тесттик тапшырмаларды (жалпы мыйзамдарды билүүгө) түзүүдө колдонулуучу ченемдик укуктук актылардын тизмеси 2-тиркемеге ылайык;
- Мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын кенже административдик кызмат орундарына талапкерлер үчүн тесттик

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

тапшырмаларды (мыйзамдарды билүүгө) түзүүдө колдонулуучу ченемдик укуктук актылардын тизмеси 3-тиркемеге ылайык;

- Тесттин форматы, суроолордун саны жана тестирлөө убактысы 4-тиркемеге ылайык;

- Тестирлөө залдарынын жайгашкан жерлери 5-тиркемеге ылайык.

2. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат бөлүмү Агенттиктин региондор аралык башкармалыктары менен бирдикте ушул буйрукту аткаруу боюнча мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн.

3. Чечимдерди аткарууну контролдоо башкармалыгынын персонал менен иштөө жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмү Агенттиктин кызыкдар түзүмдүк бөлүмдөрүн, ошондой эле региондор аралык башкармалыктарын ушул буйрук менен тааныштырсын.

4. Финансылык жана административдик камсыздоо бөлүмү ушул буйрукту Агенттиктин расмий сайтына жайгаштырсын.

5. Агенттиктин 2022-жылдын 21-февралындагы № 35 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын кадрлар резервине киргизүү үчүн компьютердик тестирлөө өткөрүү маселелери жөнүндө” буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

6. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо директордун орун басары Б.З. Садировага жүктөлсүн.

**Директор** **Э.Н. Джантаев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Агенттиктин 2026-жылдын
19-февралындагы № 01-25/41 буйругуна
1-тиркеме

**Мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын башкы административдик кызмат орундарына талапкерлер үчүн тесттик тапшырмаларды (жалпы мыйзамдарды билүүгө) түзүүдө колдонулуучу ченемдик укуктук актылардын ТИЗМЕСИ**

1) Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
2) “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы;
3) “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы;
4) Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси.
5) “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
6) “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
7) “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
8) “Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
9) “Маалымат алуу укугу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
10) “Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
11) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы № 120 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускама.

Агенттиктин 2026-жылдын
19-февралындагы № 01-25/41 буйругуна
2-тиркеме

**Мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын улук административдик кызмат орундарына талапкерлер үчүн тесттик тапшырмаларды (жалпы мыйзамдарды билүүгө) түзүүдө колдонулуучу ченемдик укуктук актылардын**
**ТИЗМЕСИ**

1) Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
2) “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы;
3) “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
4) “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
5) “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
6) “Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
7) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы № 120 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускама.

Агенттиктин 2026-жылдын
19-февралындагы № 01-25/41 буйругуна
3-тиркеме

**Мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын кенже административдик кызмат орундарына талапкерлер үчүн тесттик тапшырмаларды (жалпы мыйзамдарды билүүгө) түзүүдө колдонулуучу ченемдик укуктук актылардын ТИЗМЕСИ**

1) Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
2) “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
3) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 31-майындагы № 171 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын этика кодекси.

Агенттиктин 2026-жылдын
19-февралындагы № 01-25/41 буйругуна
4-тиркеме

## Тесттин форматы, суроолордун саны жана тестирлөө убактысы

1. Компьютердик тестирлөөнү жүргүзүүдө тесттик суроолордун саны:

а) мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын башкы жана улук административдик кызмат орундарына талапкерлер үчүн:

- жалпы мыйзамдарды билүү (негизги тест) – 30 суроо;
- предметтик мыйзамдарды билүү (предметтик тест) – 30 суроо;
- талапкердин кесиптик маанилүү жана жеке сапаттарын аныктоого (логикалык тест) – 50 суроо;

б) мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын кенже административдик кызмат орундарына талапкерлер үчүн:

- мыйзамдарды билүү (негизги тест) – 60 суроо;
- талапкердин кесиптик маанилүү жана жеке сапаттарын аныктоого аныктоого (логикалык тест) – 50 суроо.

2. Тестирлөөдө төмөнкү убакыттар белгиленет:

а) мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын башкы жана улук административдик кызмат орундарына талапкерлер үчүн:

- жалпы мыйзамдарды билүүгө (негизги тест) – 30 мүнөт;
- предметтик мыйзамдарды билүүгө (предметтик тест) – 30 мүнөт;
- талапкердин кесиптик маанилүү жана жеке сапаттарын аныктоого (логикалык тест) - 15 мүнөт;

б) мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын кенже административдик кызмат орундарына талапкерлер үчүн:

- мыйзамдарды билүүгө (негизги тест) - 60 мүнөт;
- талапкердин кесиптик маанилүү жана жеке сапаттарын аныктоого (логикалык тест) - 15 мүнөт.

3. Мыйзамдарды билүүсүнө компьютердик тестирлөөдөн өтүүдө (жалпы жана предметтик) алардын жалпы санынан 50 пайыздан кем эмес балл алган талапкерлер талапкердин кесиптик маанилүү жана жеке сапаттарын аныктоо үчүн компьютердик тестирлөө этабына киргизилет.

Кесиптик маанилүү жана жеке сапаттарын аныктоого компьютердик тестирлөөдө босоголук тоскоолдук белгиленбейт.

4. Тесттик суроолор ченемдик укуктук актыларга ылайык иштелип чыккан, жөнөкөй (бир туура жооп варианты) жана бир нече тандоодон (эки же андан көп туура жооп тандоосу) турат.

5. Суроого ар бир туура жооп үчүн (жалпы жана предметтик мыйзамдарды билүү үчүн) 1 балл эсептелет.

6. Талапкердин кесиптик маанилүү инсандык сапаттарын аныктоо үчүн тесттин суроосуна ар бир туура жооп үчүн 0,6 балл берилет.

Агенттиктин 2026-жылдын
19-февралындагы № 01-25/41 буйругуна
5-тиркеме

**Тест залдарынын жайгашкан жерлери**

1. Бишкек шаары жана Чүй облусу боюнча компьютердик тестирлөө Бишкек шаары, Чүй проспекти, 122 дареги боюнча тестирлөө залында өткөрүлөт.

2. Ысык-Көл, Нарын жана Талас облустары боюнча компьютердик тестирлөө төмөнкү шаарлардагы тиешелүү тестирлөө залдарында өткөрүлөт:

- Каракол ш., Абдрахманова к., 105;
- Нарын ш., Ленин к.,76;
- Талас ш., Бердике баатыр к., 287.

3. Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустары боюнча компьютердик тестирлөө төмөнкү шаарлардагы тиешелүү тестирлөө залдарында өткөрүлөт:

- Ош ш., Ленин к., 221;
- Манас ш., Юсуп Абдырахманов к., 6;
- Баткен ш, Сыдыков к., 1;
- Таш-Комур ш., Шералы Сыдыков к., 22.

4. Айрым учурларда тестирлөө өткөрүү орду Агенттик менен макулдашуу боюнча мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан аныкталышы мүмкүн.

5. Бишкек шаарында тестирлөө өткөрүү убактысы тестирлөө бөлүмү тарабынан, калган региондордо тестирлөө Агенттиктин тестирлөө бөлүмү менен макулдашуу боюнча Агенттиктин региондор аралык башкармалыктары тарабынан аныкталат.